Ийри-Суу негизи мектеби

# Класстык саат

## Сабактын темасы: Акын Турар Кожомбердиев

7-класс

Мугалим: Джумалиева Г.А.

2021-жыл

# Ачык класстык саат

**Тема:** Акын Турар Кожомбердиевди-эскерүү!

**Сабактын максаты:-**Окуучулардын Турар Кожомбердиев-таланттуу акын экендигин даңазалайбыз.

-Акын Турар Кожомбердиев-кубанычтын,аруулук сүйүүнүн акыны экенин ачуу.

-Талантына таазим этүү менен эскеребиз . Агабыз Турар Кожомбердивдей табигатка суктануунy,сүрөттөнү жана адамдын бийиктикке жетишүүгө, сыймыктанууга , умтулууга үйрөтөбүз.

**Жабдылышы:** Акын Турар Кожомбердиевдин

1.Чыгармалары “Көлчүктөгү ай”, “От өчпөгөн коломто”, “Стихи”, “В сани я запряг жука”, “Мен тоолордун уулумун”

2.Слайд-шоу-“ Өмүр баяны”

3.Диск уктуруу.Өзү окуган чыгармалар.

4.Буклет.Турар Кожомбердиев чыгармалары

5.Стенд-хронологиялык таблицалар:

1.китептери

2.өмүрү

## “Жүрөктө жанган алп акын”

**А:** Сеңир мурут,алп мүчөлүү Турардан,

Ырлары да,өзүнө окшоп алп тура.

Өчкөн өмүр,ыры менен уланып,

Жүрөгүнүн токтогону калп тура.

Айла жок да,мейли кыска жашасын.

Калтырыптыр ыр саптардын тазасын

Түрүүлөрдүн катарында калдайып,

Басып жүрөт,ачык коюп жакасын.

**(Казакбай Абдышев).**

Саламатсыздарбы,урматтуу меймандар жана окуучулар!

Чагылгандын отундай “жарк”этип,өтүп кеткен айтылуу Жайыл жергесинин таланттуу кулуну,акын Турар Кожомбердиевдин 70 жылдык эскерүү кечесине кош келиңиздер!

Бүгүн б.а. 30-январь 1989-жылы акын агабыз дүйнө салган.Бүгүнкү кеченин ушул датага дал келгени бекеринен эместир!....

Ошондуктан,акын,алп агабызды 1 мүнөт аза күтүп коюуңуздарды өтүнөмүн......

Рахмат.

**А.**Ушунчалык аз болсо да өмүрү ,

Жакшы жашап ,басып өттү көңулдүү.

Ырларына жашоо берди түбөлүк,

Ыр майрамга бөлөп ар бир мүнөттү.

Турардын бизден бөлүнүп кеткенине түтөбөгөн ,зээни кейибеген адам жоктур!Бирок,биз анын жаркын элесине арнап,акындын көзү тирүү кези;балалыгы,жаштыгы,баа жеткис мурастары.Эли-жерине болгон сүйүүсү жөнүндө азын-оолак кылсакпы деп турабыз.

**9-класстын окуучулары улантышат**

**1.Акын жөнүндө сөз.Шаршенбек кызы Элмира.**

Кыргыз элинин таланттуу акыны,котормочу Турар Кожомбердиев 1941 –жылы 22-июнда мурдагы Калинин,азыркы Жайыл районундагы Сары-Булак айылында жарык дүйнөгө келген.Атасы Кожомберди жылкычы болгон.Турар төрөлгөндө ,балдары көп чарчап,жүрөгүүшүп калган апасы Гүлнар ырым-жырымдап,уулунун өмүрү узун болуп “аман турар” бекен деп,атын чың молдого Турар койгузган.

**Ыр:** “ Кош болгун асыл кайран,Турар иним”

**( Жалил Садыков).**

**2.Акындын бала чагы:Джунушова Мадина.**

Турар кичинесинен бир жагынан топ жарган тентек,эрке,шок болсо,экинчи жагынан аябагандай ак көңүл,ишэнчээк,жандан башкача боорукер,намыскөй боллуучу-деп эскерет эжеси Күлүмкан Кожомбердиева.

**Ыр:** “Экинчи энем Уулчага”.Данил уулу Айбек.

**3.**Турардын ата-энеси жөнүндө:”Турар ата-энесинен акын болуп туулган бир бөтөнчө жан эле”-деп жазыптыр акындын калемдеши Салижан Жигитов.Айтканы төгүн эмес:апасы Гүлнар-жамаакчы,ырчы,шайыр сөздөрдөн кеп салып,же бирөөнү туурап,ал олтурган жер дайыма күлкү болгон экен.Ал эми атасы Кожомберди-жылкычы,күлүк таптаган саяпкер,сөзмөр,аябагандай балбан киши экен.

**Ыр:** “Атам менен апама”.

**А:**Турар Кожомбердиев ата-энесинен кубаттуу сүрөткердин дээр менен төрөлгөн.Акындын чыгармачылыгындагы эң чоң темалардын бири-ата-эне темасы.Азыр сиздер менен биргеликте Турар Кожомбердиевдин өзү окуган

**1.** “эне жана от”ырын чогуу угалы(уктуруу)

**2**.Слайд-шоу. “Акындын өмүрү”.

**4**.Туулган жерге таазим: Бейшенбек уулу Сыймык.

Турар өзү көзү өткөнчө арзуусу тарабаган киндик каны тамган Ата-Журтту,алтын бешиги,туулган айылы жөнүндө айтпасак,бүгүнкү кечебиз көркүнө чыкпаса керек.

Агын суулардын мекени ,чалкар айдынында асыл байлыгы жайнаган Сары-Өзөн Чүйдүн бир өңүрүндө,ак чокулуу Ала-Тоонун этегинде жайгашкан бул айылды-Сары-Булак дешет.

**Данияр уулу Белек.**

**Ыр**: Күл батып,караңгылык өкүм сүрөт,

Салкын жел,эркелетип беттен сүйөт.

Сүйгөнүм,учкан уям Сары-Булактан

Балбылдап Ильич шамы жаңы күйөт

Ыксырайт таттуу уйкуга тоо жак тарап,

Суктанам моокум канбай баарын карап,

Ошондо,ошол түнкү сулуулуктар,

Ошончо жүрөгүмдөн кетпес тарап.

**4.**Акын Турар Кожомбердиев ушул берекелүү айылдын тургуну.Турар Кожомбердиев учкан уясы,конгон тууру Сары-Булактын ажайып кооздугуна суктанып,атасы менен апасы, “тоолордо өстүрүп,тоолордо бешик өңөргөн” ырларын жазган.

Ыр “ Мен тоолордун уулумун” Дүйшөналиев Максат

**5.**Чыгармалыгы жөнүндө соз:1961-жылы жарык көргөн “Көлчүктөгү ай” аттуу алгачкы китеби балдар адабиятынын өнүгүшүндө чоң окуя болгон.Акындын тунгуч китеби балдар үчүн жазылат.Бул ыр жыйнагында балдар дүйнөсүнүн бакубаттыгын,бөбөк тилинин таттуулугун,дилинин тунуктугун даана сүрөттөгөн.

**Ыр**: “ Колчүктөгү ай” Бактыбек кызы Алина.

**5.**Турардын чыгармачылыгындагы бир чыр темасы-сүйүү темасы.Акындын сүйүү жөнүндөгү саптары адамдын каткан жүрөгүн  жумшартып,мерездиктен кутулуп,айкөл болууга,айланасын курчап турган дүйнөдөн сулуулуктарды издеп табууга үндөйт.Укмуштай назик,укмуштай алдуу-күчтүү сүйүү сезими адамды кичи пейил ,боорукер болууга үйрөтөт.

Турар –кубанычтын,аруулуктук,сүйүүнүн акыны болгон.

**Ыр:** “Турарды эскерүү”.

**6.**Обондуу ырлары:Турар ыр гана жазбастан ,музыканы жаныңдай сүйүп,жакшы көрчү.Акын азыр сиздер угуучу “Апакеме” деген ыры баш болуп ,композиторлор тарабынан канат күүлөп айтылуу ырчыларыбыздын жардамы менен ,угуучулардын кулагынын кумарын кандырууда.Ошол обондуу ырга кулак төшөсөк:

**Хор “ Апакеме”**

Турар Кожомбердиевдин ийгиликтери жана сыйлыктары:Кемелбеков Санжар

Ала-Тоого тагдырлаш баркут мүнөз,тайманбас акын Турар Кожомбердиев .Чыгармачылык жана коомдук турмушка белчемдүү катышкан.Ал-СССРжазуучулар Союзунун мүчөсү.Кыргызстан Ленин Комсомолу сыйлыгынын лауреаты болгон.Анын чыгармалары СССР элдеринин жана бир катар чет элдердин тилдерине которулган.Ал бүткүл Союздук поэзия фестивалдарынын,декадаларынын катышуучусу болгон.

А.Кыргыз элинин эң талантуу сүрөткер акыны Турар Кожомбердиевди 1989-жылы 30 январда,чыгармачылыгынын гүлдөп турган  маалында,таш боор ажал колубуздан жулуп кетти.Кыргыз “ыр көлүнөн шыңгырап куюлуп турган дагы бир тунук,ажайып булак акпай калды”.Алп жүрөгүн бүтүндөй ырга айлантып,ырларын чагылгандан от алып жазган,жашоодогу жыргалын ошол ырларынан тапкан айкөл акын жарык дүйнөгө ыр менен келип,андан ыр менен кетти.....

**Ыр:** “Кош бол Туке,атың ,жашайт түбөлүк!”.Автор Аман Карыбеков.

Кош бол Туке,атың жашайт түбөлүк

Ар бир сөзүн ырга турчу ширелип,

Элиң үчүн эстеликке калтырган

Ырларыңды эсте тутуп жүрөмүн

Тулпар сымал чыгаан элең чынында

Анын баары эми калды ырыңда

Эргип чыккан поэзия толкунун

Элиң эстейт кылымдардан кылымга

Кош бол Туке,эркин элдин акыны

Кыргызымдын учкул кыял акыны

Өзүн жазган олбөйт ыр дагы

Ата-Журттун түбөлүк гүл азыгы

**9.**Мына урматтуу меймандар!Окуучулар!

Акын “Турар Кожомбердиевди эскерүү” кечесин аяктап жатып, сиздерге Турар Кожомбердиев ким?

1.Акын –бөбөк акыны,алп акын!

2.Лирик акын!

3.Патриот акын!

4.Сүрөткер акын!

5.Кеңпейил акын!

6. Таланттуу акын!

7.Жердеш акын!

**Акындын жашоосуу ырларында түбөлүк жашайт!**



**Турар Кожомбердиев**

**(1941 - 1989)**

# От өчпөгөн коломто

Турмуш жүгүн мойнуңа үйүп алып,
Тууган жерди маңдайынан сүйүп алып,
Түркүн-түркүн элдерди кыдыр ырым,
Түйүнчөгүң жонуңа түйүп алып!

Ырларына ушундай ак жол каалап Ааламга узаткан айтылуу акын Турар Кожомбердиев быйыл 22-июнда 70 ке чыкмак.

Анын жыйырма жашында чыккан “Көлчүктөгү ай” деген китеби акындын атын алыска даңазалады.

Өзүнүн кыска өмүрүндө (1941-1989-ж.) акын Турар Кожомбердиев “Кызыл алма”, “Таңкы симфония”, “От өчпөгөн коломто”, “Күн, жер, жүрөк”, “Ыр булак”, “Кыл чокулар” сыяктуу жыйырма чакты кереметтүү ыр китептерди жаратты.

Анын окурмандарды суктанткан жаркын ырлары жөнүндө адабияттын даанышманы Аалы Токомбаев: “Турардын ырлары бул таланттын берекелүү энчисинен элге берилген сонун шыбага” – деп жазган.


Ошондон бир аз ооз тиели.

Мен тоолордо төрөлгөм,
Мен тоолордо көгөргөм.
Ат үстүндө эмизип,
Апам бешик өңөргөн.

Тоонун түрлүү ташынан,
Чөнтөк-чөнтөк жыйнагам.
Азоолорду үйрөтүп,
Тай кунандар туйлаган.
Аскадан ай чыкканда
Алып бер деп атамды
Алда нечен кыйнагам...

Тойго суутуп кунанды,
Тоодон тоого чүдөгөм.
Жамгыр күндөр от быкшып,
Чач үрпөйүп жүдөгөм.
Жылкыларды кайтарып,
Бороондордо түнөгөм.

Мен тоолордо төрөлгөм,
Мен тоолордо көгөргөм.
Ат үстүндө эмизип,
Апам бешик өңөргөн.



Турар Улуттук университеттин
1-курсунун студенти кезинде
биринчи китеби чыккан.

**Жайыл районунун Ийри-Суу негизги мектебинде «Турар Кожомбердиевдин 80 жылдыгына» арналган эскерүү кечесине анализ.**

Бул иш- чарага мугалимдер жамааты 1-9 класстын (99)окуучулар жана ата-энелер катышышты.

Мугалим Джумалиева ГА. 8-класстын окуучулары менен «Жүрөктө жанган алп акын»атту класстык саат өттү 11.10.21ж.

Анда таланттуу акын ,жердешибиз Т.Кожомбердиевдин өмүрүн,чыгармачылыгын,жолун кыргыз поэзиясындагы алган ордун жана өзгөчөлүктөрүн баса белгилешти.

Окуучулар ырларын көркөм айтуу менен ,буклет,,дубалгезит,слайдшоу көрсөтүшуп обондуу ырларынан жандуу ырдашты ,сабак максатына жетти.

Бул тарбиялык сааттын мааниси өтө зор..Анткени келечектин жаш муундарын тарбиялоодо,ыймандуулукка ,патриоттуулукка, толеранттуулукка ,поэзияны сүйүүгө үндөө заман талабы эмеспи!

Акындын экинчи өмүрү-ырларында түбөлүк жашамакчы !

Алп акындын чыгармачылыгын чагылдырууда окуучулардын жоопкерчиликтерин жүздөрүнөн сыймыктануууларын көрө алдым.

Гуманитардык предметтер УБинин жетекчиси:Асанбаева Д Э